Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2024-жылдын IV чейреги үчүн
**ОТЧЁТ**

### 1. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2024-жылдын IV чейрегинде 99,6 пайызды түзүп, 2023-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 0,1 пайызга азайган (2023-жылдын IV чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 99,7 пайызды түзгөн).


**1-таблица.** Нак акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы (млн сом)

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023-ж. IVчейреги | 2024-ж. IV чейреги | 2023-ж. IV чейреги | 2024-ж. IV чейреги | 2023-ж. IV чейреги | 2024-ж. IV чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **1 310 222,4** | **1 415 255,0** | **1 313 855,6** | **1 421 022,9** | **99,7** | **99,6** |
| Бишкек ш. | 725 791,8 | 774 907,5 | 718 340,2 | 773 630,7 | 101,0 | 100,2 |
| Ош ш. | 139 721,4 | 168 527,7 | 142 674,0 | 168 402,7 | 97,9 | 100,1 |
| Чүй областы | 119 293,9 | 118 197,7 | 118 177,5 | 117 237,4 | 100,9 | 100,8 |
| Ысык-Көл областы | 54 126,9 | 59 746,7 | 56 084,2 | 61 632,9 | 96,5 | 96,9 |
| Талас областы | 29 092,1 | 30 756,5 | 31 212,7 | 32 294,0 | 93,2 | 95,2 |
| Нарын областы | 29 884,1 | 30 131,1 | 30 376,2 | 30 643,6 | 98,4 | 98,3 |
| Ош областы | 44 500,5 | 48 212,2 | 44 472,4 | 48 023,0 | 100,1 | 100,4 |
| Жалал-Абад областы | 112 926,6 | 124 392,8 | 117 695,8 | 128 900,5 | 95,9 | 96,5 |
| Баткен областы | 54 885,1 | 60 382,8 | 54 822,6 | 60 258,1 | 100,1 | 100,2 |

2023-жылдын IV чейрегине салыштырганда 2024-жылдын IV чейрегинде төмөнкү региондордо коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу өскөн:

- Ош шаары боюнча – 2,2 пайызга;
- Талас областы боюнча – 2,0 пайызга;
- Жалал-Абад областы боюнча – 0,6 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча – 0,4 пайызга;
- Ош областы боюнча – 0,3 пайызга;
- Баткен областы боюнча – 0,1 пайызга.

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




2024-жылдын IV чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогору көрсөткүчү Чүй областы жана Бишкек шаарында, ошондой эле республиканын түштүк аймактарында – 100 пайыздан жогору деңгээлде байкалган, нак акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Талас областы боюнча катталган, ал 95,2 пайызды түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын келип түшүүсү 1 415 255,0 млн сомду түзгөн, бул 2023-жылдын IV чейрегине салыштырганда 8,0 пайызга жогору.

Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча нак акчанын келип түшүүлөрү төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 493 674,1 млн сом, көбөйүү 18,3 пайыз (2023-жылдын IV чейрегинде – 417 374,2 млн сом);

- товарларды сатып өткөрүүдөн – 61 948,9 млн сом, көбөйүү 9,9 пайыз (2023-жылдын IV чейрегинде – 56 378,0 млн сом);

- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 330 439,0 млн сом, көбөйүү 19,3 пайыз (2023-жылдын IV чейрегинде – 276 977,6 млн сом);


- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруудан – 50 258,5 млн сом, азаюу 6,5 пайыз (2023-жылдын IV чейрегинде – 53 730,0 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 154 858,7 млн сом, көбөйүү 47,0 пайыз (2023-жылдын IV чейрегинде – 105 343,4 млн сом) түзгөн;


- чет өлкө валютасын сатуудан – 110 068,1 млн сом, азаюу 36,3 пайыз (2023-жылдын IV чейрегинде – 172 669,2 млн сом);

- башка булактардан – 214 007,7 млн сом, азаюу 6,0 пайыз (2023-жылдын IV чейрегинде – 227 750,0 млн сом).

**2-график. 2023-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2024-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2024-жылдын IV чейрегинде 1 421 022,9 млн сомду түзүү менен өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 8,2 пайызга жогору калыптанган.

2024-жылдын IV чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан нак акчалар төмөнкү негизги багыттар боюнча берилген:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна – 499 024,8 млн сом, көбөйүү 18,9 пайызды түзгөн (2023-жылдын IV чейрегинде – 419 600,2 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн төлөөгө – 75 824,1 млн сом, көбөйүү 18,5 пайызды түзгөн (2023-жылдын IV чейрегинде – 63 991,6 млн сом);

- банкоматтарды толуктоого – 416 573,9 млн сом, көбөйүү 15,7 пайызды түзгөн (2023-жылдын IV чейрегинде – 360 121,5 млн сом);

- локалдык акча которуулар үчүн төлөөгө – 40 839,6 млн сом, азаюу 7,8 пайызды (2023-жылдын IV чейрегинде – 44 301,0 млн сом) түзгөн;


- товарлар үчүн төлөөгө – 11 283,8 млн сом, көбөйүү 3,3 пайыз чегинде белгиленген (2023-жылдын IV чейрегинде – 10 927,2 млн сом);

- чет өлкө валютасын сатып алууга – 113 982,3 млн сом, азаюу 35,4 пайызды түзгөн (2023-жылдын IV чейрегинде – 176 459,4 млн сом);


- эмгек акыны төлөөгө – 1 431,1 млн сом, көбөйүү 26,4 пайыз чегинде катталган (2023-жылдын IV чейрегинде – 1 131,8 млн сом);

- башка төлөө булактарына – 262 063,3 млн сом, көбөйүү 10,4 пайыз чегинде катталган (2023-жылдын IV чейрегинде – 237 322,9 млн сом).

**4-график. 2023-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2024-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




## 2. Накталай эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү

### 2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (ПКС)

2024-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча ПКС аркылуу төлөмдөрдүн көлөмү 112 628,8 млн сомду түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 1,9 пайызга көбөйгөн. Төлөмдөрдүн саны 2 617 460 түзүү менен 2023-жылдын IV чейрегине салыштырганда 3,7 пайызга көбөйгөн.

### 2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)

ГСРРВ аркылуу төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2024-жылдын IV чейрегинде 11 042 461,2 млн сомду түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2,9 эсеге көбөйгөн. Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу 447 760 төлөм жүргүзүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 39,9 пайызга өскөн.

**2-таблица. Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2023-ж. IV чейреги | 2 524 970 | 110 529,1 | 319 968 | 3 823 910,2 | 2 844 938 | 3 934 439,3 |
| 2024-ж. IV чейреги | 2 617 460 | 112 628,8 | 447 760 | 11 042 461,2 | 3 065 220 | 11 155 090,00 |

### 2.3. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү көбүнчө SWIFT билдирүүлөрүн жөнөтүү каналын пайдалануу менен өткөрүлгөн.

2024-жылдын IV чейрегинде кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 3 958,6 млрд сомду түзүп, өткөн жылга салыштырганда 1,3 эсеге көбөйгөн. Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 4 146,3 млрд сомду түзүп, өткөн жылга салыштырганда 1,6 эсеге өскөн.


### 2.4. Акча которуулар

2024-жылдын IV чейреги ичинде эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 62,5 млрд сом суммасында 3 017,5 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 66,2 пайызга, ал эми анын көлөмү 29,6 пайызга көбөйгөн.


Чыккан которуулардын саны 12,0 млрд сом жалпы суммасында 147,4 миң транзакцияны түзүү менен өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 2,6 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 2,5 пайызга көбөйгөн.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча алганда 2024-жылдын IV чейреги ичинде кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына туура келген: кирген которуулардын жалпы көлөмүнүн 32,0 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 69 пайызы.

6-График. 2024- жылдын IV - чейреги ичинде областар боюнча кирген акча которуулардын улушу (%)




7-График. 2024-жылдын IV - чейреги ичинде областар боюнча чыккан акча которуулардын улушу (%)




2024-жылдын IV чейрегинде Кыргыз Республикасында акча которуу системалары боюнча акча которуу эрежелеринин которуулардын эл аралык акча которуу системаларынын операторлору тарабынан камсыздалышы талаптары сакталган.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төмөнкү төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган:

**- АКШ долларында акча которуулар**

2024-жылдын IV чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 107,7 млн АКШ доллары суммасында 176,2 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 13 жана 18,9 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 106,5 млн АКШ доллары суммасында 87,2 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу акча которуулардын саны 2,1 пайызга азайып, көлөмү 12,7 пайызга өскөн.

**- Евро түрүндө акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 7,6 млн евро жалпы суммасында 16,3 миң кирген которуулар ишке ашырылып, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 7,0 жана 1,9 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 0,4 млн евро жалпы суммасында 0,5 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны өзгөргөн эмес, ал эми анын көлөмү 33,3 пайызга көбөйгөн.

**- Орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 60 973,7 млн орус рубли суммасында 2 824,9 миң кирген которуу өткөрүлүп, өткөн жылга салыштырганда которуулардын саны 78,5 пайызга көбөйгөн, ал эми анын көлөмү 66,1 пайызга өскөн. Чыккан которуулар боюнча 3 129,0 млн орус рубли суммасында 59,2 миң транзакция ишке ашырылган, көрсөткүчтөр өткөн жылга салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 3,4 жана 2,8 пайызга азайган.

**- Казак теңгесинде акча которуулар**

2024-жылдын IV чейрегинде чыккан которуулар 99,4 млн теңге жалпы суммасында 0,6 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылга салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 41 жана 40 пайызга азайган. Казак теңгесинде кирген которуулар жүргүзүлгөн эмес.

**3-таблица. Акча которуу системалары боюнча акча которуулар**

| Акча которуу системалары | 2023-ж. IV ч. | 2024-ж. IV ч. |
|---|---|---|

| | | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом |
|---|---|---|---|---|---|
| **Western Union** | **Кирген** | 55,4 | 2 241,2 | 53,49 | 2 432,12 |
| | **Чыккан** | 9,3 | 870,1 | 14,45 | 1 554,52 |
| **Contact** | **Кирген** | 64,2 | 2 662,3 | - | - |
| | **Чыккан** | 41,0 | 2 094,4 | - | - |
| **Money Gram** | **Кирген** | 41,7 | 1 989,4 | 39,95 | 2 407,09 |
| | **Чыккан** | 2,5 | 376,1 | 1,55 | 201,86 |
| **Юнистрим** | **Кирген** | 303,2 | 10 106,8 | 287,85 | 10 906,72 |
| | **Чыккан** | 1,3 | 128,3 | 13,24 | 513,07 |
| **Золотая Корона** | **Кирген** | 389,9 | 14 400,7 | 337,16 | 12 376,42 |
| | **Чыккан** | 91,5 | 7 084,2 | 107,56 | 8 163,00 |
| **RIA** | **Кирген** | 18,7 | 832,9 | 24,50 | 1 274,06 |
| | **Чыккан** | 0,7 | 39,0 | 0,92 | 41,00 |
| **UPT** | **Кирген** | 11,1 | 435,4 | 8,97 | 335,50 |
| | **Чыккан** | 5,2 | 1 136,9 | 9,70 | 1 536,81 |
| **Astrasend** | **Кирген** | 931,6 | 15 513,7 | 2 249,10 | 32 379,63 |
| | **Чыккан** | 0 | 0 | 0,02 | 0,13 |
| **PLUSPAY** | **Кирген** | 0,2 | 19,2 | 0,12 | 3,44 |
| | **Чыккан** | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| **Sendy** | **Кирген** | 0,0 | 0,0 | 16,22 | 416,77 |
| | **Чыккан** | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| **Квикпэй** | **Кирген** | 0,0 | 0,0 | 0,12 | 7,44 |
| | **Чыккан** | 0,0 | 0,0 | 0,01 | 0,03 |
| **Жыйынтыгында системалар боюнча** | **Кирген** | 1 815,9 | 48 201,6 | 3 017,47 | 62 539,18 |
| | **Чыккан** | 151,4 | 11 728,9 | 147,44 | 12 010,42 |

### 2.5. Банктык төлөм карталар рыногу

2024-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында «Элкарт» улуттук төлөм системасынын банктык төлөм карталарын эмиссиялоо жана эквайринг боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү 21 коммерциялык банк, эл аралык төлөм системасы боюнча – 17 банк сунуштаган.

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карталарынын жалпы саны 9 184,9 миң картаны түзүү менен өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 33,3 пайызга өскөн.

Банктык төлөм карталарын түрлөргө бөлүштүргөндө төмөнкүнү түзгөн:

**- «Элкарт» улуттук системасы — 3 651 617 (39,8%):**
- «Элкарт» — 3 651 617 (39,8%);
- «Элкарт-UPI» — 0 (0,0%).

**- эл аралык системалар — 5 533 235 (60,2%):**
- VISA — 5 373 066 (58,5%);
- Mastercard — 69 825 (0,8%);
- Золотая Корона — 87 291 (1,0%);
- Union Pay International — 3 053 (0,0%).

**4-таблица. Жүгүртүүдөгү карталардын областтар жана системалар боюнча саны**


| Региондун аталышы | Visa | Master Card | Золотая Корона | Элкарт | UPI | Элкарт-UPI | Жыйынтыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 3 896 126 | 45 618 | 23 795 | 1 056 737 | 1 916 | 0 | 5 024 192 | 54,7 |
| Чүй областы | 234 106 | 5 435 | 13 537 | 348 097 | 601 | 0 | 601 776 | 6,6 |
| Ысык-Көл областы | 190 406 | 2 282 | 5 622 | 297 639 | 110 | 0 | 496 059 | 5,4 |
| Нарын областы | 61 394 | 1 379 | 4 805 | 178 224 | 18 | 0 | 245 820 | 2,7 |
| Талас областы | 85 966 | 1 835 | 4 342 | 137 972 | 108 | 0 | 230 223 | 2,5 |
| Жалал-Абад областы | 342 070 | 4 787 | 15 910 | 598 582 | 190 | 0 | 961 539 | 10,5 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ош областы | 445 581 | 7 029 | 11 349 | 710 504 | 94 | 0 | 1 174 557 | 12,8 |
| Баткен областы | 117 417 | 1 460 | 7 931 | 323 862 | 16 | 0 | 450 686 | 4,9 |
| **Жыйынтыгында** | **5 373 066** | **69 825** | **87 291** | **3 651 617** | **3 053** | **0** | **9 184 852** | **100** |


Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдары/сактык кассалары, финансылык ресурстары топтолгон эң жогорку көрсөткүчкө ээ, ушул себептен мында төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу да кыйла өнүккөн. Алсак, 2024-жылдын IV чейреги ичинде карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү көбүрөөк үлүш 54,7 пайызды түзүү менен Бишкек шаарына туура келген. Ал эми кыйла төмөн көрсөткүч Талас областында катталып, ал 2,5 пайызды түзгөн.

2024-жылдын IV чейрегинде карталарды колдонуу менен эсептешүү системалары боюнча коммерциялык банктардын банктык эсептериндеги депозиттик базанын калдыктарынын көлөмү 113,6 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 25,7 пайызга көбөйгөн.

**8-график. 2024-ж. 31-декабрына карата областтар боюнча (%) жүгүртүүдөгү карталардын жалпы саны (%)**




**9-график. 2024-ж. IV чейреги үчүн карттарды колдонуу менен операциялардын областтар боюнча көлөмү жана саны (миң.сом)**




**Банктык төлөм карталар эквайринги**

2024-жылдын IV чейрегинин акырына карата банктык төлөм карталары, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм картасы, республиканын бүткүл аймагында орнотулган 2 529 банкомат жана 36 330 POS-терминал аркылуу тейлөөгө кабыл алынган.

2 529 банкоматтын ар биринде «карабай терүү» баскычы бар (Брайль шрифти) (5-саны томпок), 294 банкоматта – аудио коштоо функциясы каралган (операцияларды үн менен коштоо), 1 251 банкомат үчүн пандус орнотулган, 945 банкомат үчүн пандус орнотуу зарылдыгы жок. 2023-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын саны 11,9 пайызга көбөйгөн. 36 330 POS-терминалдын ичинен 10 743 POS-терминалда «карабай терүү» (Брайль шрифти) баскычы бар (5-саны томпок), 34 801 даана POS-терминалда – байланышсыз төлөө функциясы каралган. Өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда POS-терминалдардын саны 57,9 пайызга көбөйгөн. 2024-жылдын
31-декабрына карата төлөм терминалдарынын саны 3 192 бирдикти түзгөн, алардын ичинен 31 төлөм терминалында аудио (үн) коштоо функциясы, 1 449 төлөм терминалында пандус каралган. Төлөм терминалдарынын саны 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 15,0 пайызга көбөйгөн.

Банктык төлөм карталарын колдонуу менен эсептешүүлөрдүн эл аралык төлөм системаларын тейлеген POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны төмөнкүнү түзгөн:

- VISA жана Mastercard эл аралык системалары – 2 510 банкомат жана 36 092 POS-терминал;
- «Золотая Корона» эл аралык системасы – 400 банкомат жана 13 183 POS-терминал;
- UPI эл аралык системасы – 1 738 банкомат жана 23 364 POS-терминал.

**5-таблица. Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны** (даана)

| Региондун аталышы | Банкоматтар | POS-терминалдар | | Төлөм терминалдары |
|---|---|---|---|---|
| | | Соода-тейлөө ишканаларында | Банктарда | |
| Бишкек ш. | 853 | 20 294 | 827 | 859 |
| Чүй областы | 285 | 3 464 | 269 | 299 |
| Ысык-Көл областы | 249 | 2 746 | 242 | 416 |
| Нарын областы | 99 | 627 | 161 | 177 |
| Талас областы | 95 | 990 | 112 | 167 |
| Жалал-Абад областы | 373 | 1 705 | 383 | 453 |
| Ош областы | 435 | 3 199 | 477 | 616 |
| Баткен областы | 140 | 666 | 168 | 205 |
| **Жыйынтыгында:** | **2 529** | **33 691** | **2 639** | **3 192** |


**Банктык төлөм карталарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

2024-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча карта аркылуу жалпы 277,5 млрд сом суммасына 63,7 млн транзакция жүргүзүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда транзакциялардын саны 9,2 пайызга, операциялардын көлөмү 23,1 пайызга көбөйгөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын накталай акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 207,7 млрд сом жалпы суммасында 23,6 млн транзакцияны түзүү менен өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 0,4 пайызга азайган, ал эми операциялардын көлөмү 18,6 пайызга көбөйгөн;

- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны жалпы 69,9 млрд сом суммасына 40,1 млн транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 15,7 пайызга, ал эми көлөмү 38,8 пайызга өскөн.

**10-график. 2025-жылдын 1-январына карата QR-коддору региондук өнүктүрүү**




**2.6. QR-коддорду колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү**

2024-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча 20 банк (21[1] банктын ичинен) жана 12 төлөм уюму системалар аралык интеграцияны камсыз кылып, QR-коддорду колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү кызматтарын сунуштоодо.

Системалар аралык интеграциянын алкагында 2024-жылдын IV чейрегинин акырына карата банктар жана төлөм уюмдары тарабынан соода-тейлөө ишканаларында, анын ичинде Кыргыз Республикасынын региондорунда да 62,8 миң QR-код орнотулган.

2024-жылдын IV чейрегинде өз ара иш алып баруу операторунун[2] системасы аркылуу 51,5 млрд сом суммасына 33,9 млн төлөм өткөрүлгөн, мында 2023-жылдын ушул

[1] Бир банк («ЭкоИсламикБанк» ЖАК) «ЭЛКАРТ» төлөм системасынын катышуучусу болуп саналбайт.

[2] Өз ара иш алып баруу оператору – ошол процессинг, клиринг борборунун төлөм системасынын катышуучуларына үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматты кабыл алуу, иштеп чыгуу жана берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү (процессинг, клиринг) сунуштоого Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары - Улуттук банк) лицензиясына ээ, төлөм системасынын катышуучулары менен техникалык өз ара иш алып барууну жана QR-кодду колдонуу менен төлөмдөр боюнча акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн клиринг файлдарынын түзүлүшүн камсыз кылган төлөм системасынын оператору.

мезгилине салыштырмалуу көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 17,3 жана 26,4 эсеге өскөн, алардын ичинен мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр - 1,6 млрд сом суммасына 2,9 млн төлөмдү түзгөн, бул 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу тиешелүүлүгүнө жараша 452,7 жана 49,8 эсеге жогору.

**6-таблица. 2024-жылдын IV чейреги ичинде өз ара иш алып баруу операторунун системасы аркылуу жүргүзүлгөн операциялар**

| Көрсөткүчтөр | 2023-жылдын IV чейреги | 2024-жылдын IV чейреги |
|---|---|---|
| Саны (бирдик) | 2,0 млн | 33,9 млн |
| Көлөмү | 2,0 млрд сом | 51,5 млрд сом |
| Мамлекеттик төлөмдөрдүн саны (бирдик) | 6,5 миң | 2,9 млн |
| Мамлекеттик төлөмдөрдүн көлөмү, млн сом | 31,8 млн сом | 1,6 млрд сом |

2024-жылдын IV чейрегинде банктар, төлөм уюмдары аркылуу төмөнкү операциялар ишке ашырылган:

**7-таблица. QR-коддорду колдонуу менен которуулар**

| Катышуучунун категориясы | Которуулар | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Өз системасында | | | | Системалар аралык | | | | | | | |
| | 2023-жыл IV чейрек | | 2024-жыл IV чейрек | | 2023-жыл IV чейрек | | | | 2024-жыл IV чейрек | | | |
| | | | | | Кирген | | Чыккан | | Кирген | | Чыккан | |
| | Саны *(бирдик)* | Көлөмү *(сом)* | Саны *(бирдик)* | Көлөмү *(сом)* | Саны *(бирдик)* | Көлөмү *(сом)* | Саны *(бирдик)* | Көлөмү *(сом)* | Саны *(бирдик)* | Көлөмү *(сом)* | Саны *(бирдик)* | Көлөмү *(сом)* |
| Коммерциялык банктар | 2 520 792 | 1 318 837 926 | 15 157 951 | 3 635 787 193 | 92 079 | 238 297 637 | 144 244 | 538 933 163 | 15 293 982 | 35 505 043 577 | 23 430 197 | 41 566 838 681 |
| Төлөм системасынын операторлору/ төлөм уюмдары | 44 | 51 792 | 10 342 | 7 331 067 | 114 | 210 883 | 164 090 | 64 161 533 | 1 441 837 | 1 873 635 224 | 5 086 887 | 3 048 704 152 |
| Жыйынтыгында | 2 520 836 | 1 318 889 718 | 15 168 293 | 3 643 118 260 | 92 193 | 238 508 520 | 308 334 | 603 094 696 | 16 735 819 | 37 378 678 801 | 28 517 084 | 44 615 542 833 |

**8-таблица. QR-коддорду колдонуу менен товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө**

| Катышуучунун категориясы | Товарлар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Өз соода-тейлөө ишканаларынын пайдасына | | | | Алардын ичинен бюджетке төлөмдөр | | | | Системалар аралык | | | | | | | |
| | 2023-жыл IV чейрек | | 2024-жыл IV чейрек | | 2023-жыл IV | | 2024-жыл IV чейрек | | 2023-жыл IV чейрек | | | | 2024-жыл IV чейрек | | | |
| | | | | | | | | | Кирген | | Чыккан | | Кирген | | Чыккан | |
| | Саны *(бирдик)* | Көлөмү *(сом)* | Саны *(бирдик)* | Көлөмү *(сом)* | Саны *(бирдик)* | Көлөмү *(сом)* | Саны *(бирдик)* | Көлөмү *(сом)* | Саны *(бирдик)* | Көлөмү *(сом)* | Саны *(бирдик)* | Көлөмү *(сом)* | Саны *(бирдик)* | Көлөмү *(сом)* | Саны *(бирдик)* | Көлөмү *(сом)* |
| Коммерциялык банктар | 61 669 | 90 574 809 | 169 579 | 230 310 325 | 6 803 | 33 493 455 | 3 459 080 | 1 688 320 702 | 616 420 | 813 921 795 | 1 432 084 | 1 147 599 344 | 3 573 542 | 4 610 290 860 | 2 516 424 | 2 969 222 641 |
| Төлөм системасынын операторлору / төлөм уюмдары | 583 689 | 554 288 441 | 9 671 748 | 6 081 324 772 | 0 | 0 | 7 | 23 905 | 1 225 351 | 799 567 886 | 78 780 | 46 367 570 | 10 667 054 | 6 995 365 587 | 390 615 | 216 458 465 |
| Жыйынтыгында | 645 358 | 644 863 250 | 9 841 327 | 6 311 635 097 | 6 803 | 33 493 455 | 3 459 087 | 1 688 344 607 | 1 841 771 | 1 613 489 681 | 1 510 864 | 1 193 966 914 | 14 240 596 | 11 605 656 448 | 2 907 039 | 3 185 681 106 |

### 2.7. Электрондук акча

2024-жылдын IV чейрегинин акырына карата 3 коммерциялык банк электрондук акча эмитенти болуп саналган жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча тогуз локалдык система иштеген.

Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөр өскөндүгү байкалган. Алсак, идентификацияланган электрондук капчыктардын саны 3,2 млн капчыкты түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчтөн 18,7 пайызга көп.


2023-жылдын ушул мезгилине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:

- которуулардын саны 5,4 млн операцияны түзүү менен 62,5 пайызга көбөйгөн, электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу операцияларынын көлөмү 36,6 пайызга көбөйүп, 10,0 млрд сомду түзгөн;


- электрондук акчанын ордун жабуу боюнча операциялардын саны 0,9 млн операцияны түзүү менен 12,5 пайызга азайган, ал эми операциялардын көлөмү 19,2 пайызга көбөйүп, 4,4 млрд сомду түзгөн;
- товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын көлөмү 35,3 пайызга көбөйүп, 12,1 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 57,8 пайызга көбөйүп, 10,7 млн операция чегинде катталган;
- электрондук капчыкты толуктоо аркылуу электрондук акчаны таратуу боюнча операциялардын саны 47,0 пайызга көбөйүп, 5,3 млн операцияны түзгөн, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын көлөмү 62,3 пайызга көбөйүп, 15,9 млрд сомду түзгөн.

2023 жана 2024-жылдар үчүн маалыматтарды салыштыруу төмөндө келтирилген:

**11-график. Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (млн бирдик)**




**12-график. Электрондук акчалар менен транзакциялардын саны жана көлөмү**




**9-таблица. Электрондук капчыктардын саны боюнча салыштырма маалымат**

| Электрондук капчыктардын саны (млн) | 2023-ж. акырына карата | 2024-ж. акырына карата | 2023 жана 2024-жылдарды салыштыруу |
|---|---|---|---|
| **Электрондук капчыктардын жалпы саны** | 6,5 | 7,6 | 17,2% |
| **Идентификацияланган электрондук капчыктар** | 2,7 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 42,1%) | 3,2 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 42,4%) | 18,7% |

**10-таблица. Электрондук капчыктарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча салыштырма маалымат**

| Операциялардын аталышы | Өлчөө бирдиги | 2023-ж. IV чейреги | 2023-ж. | 2024-ж. I чейреги | 2024-ж. II чейреги | 2024-ж. III чейреги | 2024-ж. IV чейреги | 2024-ж. | 2023-ж. жана 2024-ж. салыштыруу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Которуулар** | саны (млн) | 3,3 | 10,2 | 4,2 | 5,4 | 6,1 | 5,4 | 21,1 | 107,4% |
| | көлөмү (млрд) | 7,4 | 25,7 | 7,7 | 8,8 | 9,7 | 10,0 | 36,2 | 40,7% |
| **Электрондук акчанын ордун жабуу** | саны (млн) | 1,0 | 3,6 | 1,1 | 1,2 | 0,9 | 0,9 | 4,1 | 14,1% |
| | көлөмү (млрд) | 3,7 | 16,4 | 5,7 | 5,8 | 8,2 | 4,4 | 24,0 | 46,4% |
| **Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө** | саны (млн) | 6,8 | 20,8 | 8,2 | 11,4 | 13,0 | 10,7 | 43,3 | 108,3% |
| | көлөмү (млрд) | 8,9 | 29,4 | 8,4 | 9,8 | 11,5 | 12,1 | 41,8 | 42,0% |
| **Электрондук капчыкты толуктоо аркылуу электрондук акчаларды жайылтуу** | саны (млн) | 3,6 | 11,9 | 4,5 | 5,5 | 6,3 | 5,3 | 21,7 | 82,4% |
| | көлөмү (млрд) | 9,8 | 34,3 | 10,2 | 12,3 | 14,4 | 15,9 | 52,7 | 53,6% |

### 2.8. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2024-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча 49 юридикалык жак төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна Улуттук банктын лицензиясына жана 48 юридикалык жак төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна Улуттук банктын лицензиясына ээ.

2024-жылдын IV чейрегинде төлөм уюмдары аркылуу жалпы 193,5 млрд сом суммасына 89,3 млн транзакция өткөрүлгөн. 2023-жылдын IV чейрегине салыштырмалуу төлөмдөрдүн жалпы саны 25,4 млн транзакцияга, ал эми төлөмдөрдүн көлөмү 73,1 млрд сомго көбөйгөн.

Отчеттук мезгилде төлөмдөрдүн олуттуу бөлүгү финансы-кредит уюмдарынын кызматтары үчүн төлөмдөргө туура келген (электрондук капчыктарды толуктоону кошпогондо) – бул жалпы 141,1 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 72,9 пайызы) 31,1 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 34,8 пайызы) түзгөн. Алардын ичинен:

- банк эсебин толуктоо боюнча 115,3 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 59,6 пайызы) 16,4 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 18,4 пайызы) өткөрүлгөн;
- финансы-кредит уюмдарынын кредиттери үчүн төлөөнүн эсебинен төлөмдөр – 7,3 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 3,8 пайызы) 1,5 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 1,7 пайызы) өткөрүлгөн;
- башка банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн пайдасына - 18,4 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 6,6 пайызы) 13,2 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 7,3 пайызы) өткөрүлгөн.

Мобилдик байланыш операторлорунун пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү 6,9 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 3,6 пайызы) 15,8 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 17,7 пайызы) өткөрүлгөн.

Мамлекеттик жана коммуналдык товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулардын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө,

салык жыйымдары, жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пул, мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр) 5,9 млрд сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 3 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 5,9 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 6,6 пайызы) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 12,8 млрд сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 6,6 пайызы), транзакциялардын саны 6,5 млн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 7,3 пайызы) түзгөн.

**11-таблица. Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| № | **Төлөмдүн түрү** | **Саны** (бирдик) | **Көлөмү** (миң сом) |
|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик байланыш | 15 790 867,00 | 6 903 877,69 |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 25 389,00 | 9 111,90 |
| 3 | Интернет | 660 635,00 | 590 411,29 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 5 558 930,00 | 5 541 613,57 |
| 5 | Салык жыйымдары | 4 682,00 | 9 332,01 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пул | 51 699,00 | 60 382,83 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 293 863,00 | 274 417,23 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 16 418 947,00 | 115 268 344,25 |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 1 528 331,00 | 7 349 736,13 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 13 172 228,00 | 18 443 956,40 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 6 490 581,00 | 12 825 513,68 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 286 338,00 | 529 219,32 |
| 13 | Социалдык тармактар | 2 753 922,00 | 1 415 944,16 |
| 14 | Интернет оюндары | 185 647,00 | 150 136,18 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелердеги эсепти толуктоо | 605,00 | 1 124,35 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 6 582 157,00 | 1 286 718,96 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 36 981,00 | 17 763,48 |
| 18 | Кулактандыруулар | 37 725,00 | 359 917,49 |
| 19 | Кайрымдуулук | 2 879,00 | 1 304,28 |
| 20 | Билим берүү | 196 749,00 | 677 367,00 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 14 699,00 | 19 082,28 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 19 211 288,00 | 21 767 008,80 |
| **Жыйынтыгында, 2024-жылдын IV чейреги ичинде** | | **89 305 142,00** | **193 502 283,25** |






Төлөм уюмдары тарабынан 2023-2024-жылдардын IV чейректери жана 2023-2024 жылдар ичинде жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн санынын жана көлөмүнүн көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүү тенденциясы ушул отчетко карата 1 жана 2-тиркемелерде келтирилген.

Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), POS-терминалдары, агенттик тармак (анын ичинде агенттердин мобилдик тиркемелери аркылуу) жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

2024-жылдын IV чейрегинин аягына карата төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 1,3 эсеге өсүп, 16 635 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

Төлөм уюмдары тарабынан товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочунун пайдалануучусуна (кардарына)/абонентине анын өздүк эсебине буга чейин салынган аванс акча каражаттары/алдын ала төлөм каражаттары же алардын бөлүгүнүн эсебинен кайтарылуучу акча каражаттарын кабыл алууну жана өткөрүүнү жүзөгө ашырган мобилдик тиркемелердин идентификацияланган жана верификацияланган колдонуучулардын саны отчеттук мезгилдин акырына карата 2 836 793 колдонуучуну түзгөн (бул 2023-жылдын ушул эле отчеттук мезгилинин акырындагы көрсөткүчтөрдөн 1,47 эсеге жогору).

### 2.9. Банктык чекене агенттер

Агенттерди ишке тартуу коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттерди төлөө, банктык эсепти толуктоо, банктык карталардан накталай акча каражаттарын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө шарт түзөт.

2024-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны төмөнкүнү түзгөн:

- 96 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда алардын саны 51 агентке же 34,7 пайызга азайган;
- 3 633 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда алардын саны 94 агентке же 2,7 пайызга көбөйгөн.

## 3. Методологиялык иш

Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн андан ары көбөйтүү, калк үчүн банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк (мындан ары – Улуттук банк) Башкармасынын 2024-жылдын 23-октябрындагы № 2024-П-4/55-1-(ПС) «Банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» токтому кабыл алынды.

Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын 2024-жылдын 10-майында кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келтирүү максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2024-жылдын 13-ноябрында № 2024-П-14/60-3-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 9-декабрындагы № 76/8 «Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карталары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтом кабыл алынган.

Электрондук акча жана агенттердин мобилдик тиркемелери маселелерин жөнгө салган ченемдик актыларды өркүндөтүү максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2024-жылдын 4-декабрында № 2024-П-14/64-1-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтом кабыл алынган.

Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 20-майындагы № 87 «Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Мыйзамына ылайык келтирүүнүн алкагында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2024-жылдын 22-ноябрында № 2024-П-14/61-1-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому кабыл алынган.

Төлөм жүгүртүлүшү жөнүндө маалыматты системага салуу жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификаторуна ылайык келтирүү максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2024-жылдын 18-декабрында № 2024-П-14/68-4-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы № 51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтом кабыл алынган.

Улуттук банк улуттук төлөм системасынын натыйжалуулугун, ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун жогорулатуу, төлөм кызматтары рыногунун катышуучуларынын финансылык туруктуулугун жогорулатуу, ошондой эле төлөм уюмдарын жана төлөм системаларынын операторлорун лицензиялоо тартибин жакшыртуу максатында, төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун минималдуу уставдык капиталын жөнгө салууга багытталган токтом долбоору иштелип чыгып, коомдук талкууга чыгарылган.

Эскертүү: Көрсөтүлгөн маалыматтар коммерциялык банктар, төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары корректировкаларды киргизүүсүнө жараша өзгөртүлүшү мүмкүн.

1-тиркеме. 2024 жана 2023-жылдар ичинде төлөм уюмдары тарабынан ишке ашырылган төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| № | Төлөмдүн түрү | 2024-ж. | | 2023-ж. | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны** (бирдик) | **Көлөмү** (миң сом) | **Саны** (бирдик) | **Көлөмү** (миң сом) |
| 1 | Мобилдик байланыш | 68 828 597 | 25 974 431,33 | 104 208 650 | 40 541 963,42 |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 106 016 | 35 083,71 | 118 081 | 35 972,90 |
| 3 | Интернет | 2 982 676 | 2 685 894,83 | 2 736 698 | 2 399 276,68 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 20 134 687 | 17 751 080,98 | 14 552 034 | 11 142 318,84 |
| 5 | Салыктык жыйымдар | 58 334 | 92 120,68 | 75 429 | 109 930,38 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пулдар | 456 770 | 504 625,90 | 700 692 | 828 009,47 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 972 988 | 895 210,22 | 612 827 | 541 759,02 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 59 027 335 | 363 147 293,02 | 26 836 938 | 116 441 317,50 |
| 9 | ФКУлардын кредиттери үчүн төлөм | 5 499 464 | 26 573 985,01 | 3 823 186 | 18 108 633,36 |
| 10 | Башка банктык кызматтар | 32 529 121 | 57 839 677,82 | 30 802 673 | 125 807 291,23 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 26 602 215 | 48 300 946,22 | 15 467 820 | 33 101 197,77 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 1 008 793 | 1 824 112,08 | 874 546 | 1 491 260,67 |
| 13 | Социалдык тармактар | 6 971 896 | 3 340 647,39 | 1 025 965 | 463 284,82 |
| 14 | Интернет оюндары | 307 425 | 242 775,41 | 72 839 | 34 758,88 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелердеги эсепти толуктоо | 107 325 | 267 003,27 | 27 925 | 52 212,92 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 23 555 489 | 4 311 938,32 | 15 754 495 | 2 647 793,12 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 223 241 | 104 049,39 | 366 056 | 168 494,60 |
| 18 | Кулактандыруулар | 84 698 | 395 831,37 | 140 572 | 85 324,61 |
| 19 | Кайрымдуулук | 10 546 | 4 668,70 | 9 051 | 3 404,53 |
| 20 | Билим берүү | 537 465 | 1 881 218,57 | 371 189 | 1 061 167,01 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 73 038 | 218 718,27 | 48 914 | 139 113,72 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 55 945 405 | 52 524 549,49 | 16 607 838 | 24 662 297,69 |
| **Жыйынтыгында** | | **306 023 736** | **608 915 861,99** | **235 234 418** | **379 866 783,12** |

2-тиркеме. 2024 жана 2023-жылдардын IV чейректери ичинде төлөм уюмдары тарабынан ишке ашырылган төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| № | Төлөмдүн түрү | 2024-ж. IV чейреги | | 2023-ж. IV чейреги | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны** (бирдик) | **Көлөмү** (миң сом) | **Саны** (бирдик) | **Көлөмү** (миң сом) |
| 1 | Мобилдик байланыш | 15 790 867 | 6 903 877,69 | 21 470 194 | 8 425 589,43 |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 25 389 | 9 111,90 | 31 876 | 9 736,37 |
| 3 | Интернет | 660 635 | 590 411,29 | 728 536 | 641 169,88 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 5 558 930 | 5 541 613,57 | 4 459 625 | 3 316 900,40 |
| 5 | Салыктык жыйымдар | 4 682 | 9 332,01 | 7 940 | 13 926,33 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пулдар | 51 699 | 60 382,83 | 179 406 | 224 208,88 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 293 863 | 274 417,23 | 212 544 | 156 006,55 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 16 418 947 | 115 268 344,25 | 9 505 090 | 41 797 164,42 |
| 9 | ФКУлардын кредиттери үчүн төлөм | 1 528 331 | 7 349 736,13 | 1 328 327 | 6 595 852,23 |
| 10 | Башка банктык кызматтар | 13 172 228 | 18 443 956,40 | 9 942 961 | 40 051 520,24 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 6 490 581 | 12 825 513,68 | 5 000 095 | 9 763 059,74 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 286 338 | 529 219,32 | 287 012 | 476 132,38 |
| 13 | Социалдык тармактар | 2 753 922 | 1 415 944,16 | 476 149 | 225 430,00 |
| 14 | Интернет оюндары | 185 647 | 150 136,18 | 16 814 | 7 655,89 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толуктоо | 605 | 1 124,35 | 22 800 | 42 693,99 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 6 582 157 | 1 286 718,96 | 4 567 978 | 825 855,01 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 36 981 | 17 763,48 | 99 990 | 45 895,70 |
| 18 | Кулактандыруулар | 37 725 | 359 917,49 | 29 790 | 18 544,67 |
| 19 | Кайрымдуулук | 2 879 | 1 304,28 | 1 971 | 679,39 |
| 20 | Билим берүү | 196 749 | 677 367,00 | 145 841 | 419 465,36 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 14 699 | 19 082,28 | 17 877 | 27 938,98 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 19 211 288 | 21 767 008,80 | 5 436 700 | 7 342 551,03 |
| **Жыйынтыгында** | | **89 305 142** | **193 502 283,25** | **63 913 323** | **120 428 781,48** |